**2020-ЖЫЛДЫН 4-ОКТЯБРЫНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООНУ УЮШТУРУУНУН ЖАНА ӨТКӨРҮҮНҮН ЖҮРҮШҮНДӨ САНИТАРДЫК-ЭПИДЕМИОЛОГИЯЛЫК КООПСУЗДУКТУ ЖАНА ЖАРАНДАРДЫН ДЕН СООЛУГУН КОРГООНУ КАМСЫЗ КЫЛУУ БОЮНЧА АРАКЕТТЕРИНИН АЛГОРИТМИ**

Ушул алгоритм 2020-жылдын 4-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону уюштуруунун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө коронавирус инфекциясынын жайылышын алдын алуу боюнча сунуштарды өзүнө камтыйт.

Алгоритм Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жана Саламаттык сактоо министрлиги менен биргеликте коронавирус инфекциясынын жайылышына байланыштуу тобокелчиликти алдын алуу максатында, депутаттарды шайлоону уюштуруу жана өткөрүү мезгилинде санитардык-эпидемиологиялык коопсуздукту жана Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден соолугун коргоону камсыз кылуу максатында иштелип чыккан. Алгоритм шайлоо комиссияларына карата шайлоочулардын тизмеси менен иштөө, добуш берүү алдындагы күнү жана добуш берүү күнү иш процессин уюштуруу боюнча бир катар талаптарды,  саясий партияларга карата съезддерде талапкерлердин тизмесин көрсөтүү мезгилинде жана шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүдө бир катар талаптарды, ошондой эле шайлоо комиссияларынын ишине көмөктөшүүнү камсыз кылуу боюнча мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата бир катар талаптарды өзүнө камтыйт.

Дезинфекциялоо каражаттарын, коргоочу бет каптарды, бир жолку кол каптарды пайдалануу, башка адамдардан 1,5-2 м социалдык аралыктарды сактоо, кол кармашып учурашуу жана башка тике контакттардан качуу, биометрикалык жана жеке маалыматтар боюнча шайлоочулардын идентификациялоодон өткөн учурларын кошпогондо, шайлоо процессинин бардык стадияларында шайлоо процессинин катышуучулары үчүн милдеттүү шарттар болуп саналат.

## УЧАСТКАЛЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ИШИ

Участкалык шайлоо комиссиялары (мындан ары – УШК) тарабынан шайлоочулардан каталар, так эместиктер, ошондой эле башка шайлоо дареги боюнча добуш берүү ниетин билдирген арыздар кабыл алынган учурда төмөндөгү санитардык-эпидемиологиялык чаралар сакталат:

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан күн сайын УШКнын орун-жайларын, иш жүргүзүүчү үстүнкү беттерди кылдат дезинфекциялоо жүргүзүү камсыз кылынат.
- Ар бир шайлоочуга идентификациялоо жүргүзүлгөнгө чейин жана жүргүзүлгөндөн кийин идентификациялоо жабдууларын дезинфекциялоо.

- Орун-жайдын кире беришин колду дезинфекциялоо үчүн санитайзер жана башка каражаттар менен жабдуу.
- УШК мүчөлөрүнүн жана УШКга келүүчүлөрдүн бет кап, кол кап жана башка жеке коргоо каражаттарын милдеттүү пайдалануусу.
- Адамдардын ортосунда социалдык аралыктарды - 1,5-2 м сактоо.
- Шайлоо участкасынын орун-жайларында шайлоочулардын бет кап режимин сактоосу.
- Эмеректерди жана технологиялык жабдууларды бири биринен 1,5-2 м аралыкта жайгаштыруу.

Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочулардын тизмесиндеги өзү жөнүндө маалыматтарды тактоого, ондоого, башка шайлоо участкасында добуш берүү ниетине(2-форма) байланышкан бардык маселелер КР БШКнын сайтында атайын түзүлгөн ресурс – ТИЗМЕ порталы https://tizme.gov.kg/аркылуу чечилет.

## САЯСИЙ ПАРТИЯЛАРДЫН СЪЕЗДДЕРИНДЕ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КӨРСӨТҮҮ

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына, «Саясий партиялар жөнүндө» Мыйзамга, партиянын Уставына ылайык жашыруун добуш берүү жөнүндө талаптарды милдеттүү түрдө сактоо менен онлайн режиминде же офлайн режиминде талапкерлердин тизмесин көрсөтүү боюнча саясий партиялардын съезддерин өткөрүүнүн жолдорун саясий партиялар өз алдынча аныкташат.

Санитардык-эпидемиологиялык нормаларды жана жарандардын ден соолугун сактоо максатында саясий партиялар офлайн режиминде партиянын съездин өткөргөн учурда партиянын баштапкы/аймактык бөлүмдөрүнөн съезддин делегаттарынын санын кыскартуу мүмкүнчүлүгүн (эгерде партиянын Уставында ушундай мүмкүнчүлүктөр каралса) кароосу зарыл. Ошондой эле партиянын съездин орун-жайдан тышкары (ачык жерлерде) өткөрүү мүмкүнчүлүгүн кароо сунуш кылынат.

Офлайн түрүндө съездди өткөрүүдө саясий партия төмөндөгү сунуштарды эске алууга тийиш:

- Саясий партиянын съезди өтүүчү орун-жайдын кире беришинде төмөндөгүдөй «кирүү чыпкасын» уюштуруу:
- кире бериште контактсыз ыкма менен съезддин катышуучусунун дене табын текшерүү;
- орун-жайдын кире беришинде дезинфекциялык эритме менен килемченин болушу;
- Төмөнкүдөй санитардык-эпидемиологиялык нормалардын сакталышы үчүн шарттарды түзүү:

- санитардык-эпидемиологиялык нормаларды эске алуу менен съездди өткөрүүнүн эрежесин кире беришке жайгаштыруу;
- орун-жайдын кире беришинде жана ичинде колду дезинфекциялоо үчүн санитайзерди же башка каражаттарды пайдаланууну камсыз кылуу;
- съезддин бардык катышуучуларынын бет кап же респиратор тагынуу режимин милдеттүү түрдө сактоосу;
- мүмкүнчүлүккө жараша съезддин бардык катышуучуларын бет кап же респиратор, ошондой эле бир жолку кол кап менен камсыз кылуу.
- Аралыкты сактоо, адамдардын массалык топтолуусун болтурбоо:
- съезд өтүүчү орун-жайдын кире беришинде жана анын ичинде аралык белгилерин орнотуу;
- съезддин бардык жол-жоболорун өткөрүүдө съезддин катышуучуларынын ортосундагы аралыкты (1,5-2м) сактоону көзөмөлдөгөн адамды дайындоо.
- Партиянын съезди өтүүчү орун-жайда микроклимат көрсөткүчүн сунуштоо:
- съезд башталардын алдында орун-жайды жана бардык иш жүргүзүүчү үстүнкү беттерди кылдат дезинфекциялоо жүргүзүү;
- Желдетүү системасы жок болгон учурда, ар бир 30 мүнөт сайын 15 мүнөт желдетип туруу керек. Эгерде сырткы чөйрөнүн температурасы 18 градустан жогору болсо, жайдын тынымсыз желдетилишин желдетүү аркылуу эске албаганда камсыз кылуу.

## ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ҮГҮТ

- Үгүт иштерин телекөрсөтүү, радио, аудио жана видео форматтарын пайдалануу менен онлайн режиминде өткөрүү сунуш кылынат. Офлайн жолугушуусу адамдардын массалык топтолуусуна жол бербөө жөнүндө талаптарды эске алуу менен орун-жайдан сырткары (ачык жерде) өткөрүү сунушталат.
- Үгүт материалдарын (буклеттерди, газеталарды, дисктерди, желекчелерди, значокторду ж.б.) милдеттүү түрдө бир жолку кол каптарды жана бет каптарды пайдалануу менен ишке ашыруу зарыл.
- Офлайн режиминде шайлоочулар менен жолугушуу өткөрүлгөн учурда орун-жайдын ичинде саясий партиялар төмөндөгүлөрдү камсыз кылууга милдеттүү:
- Шайлоочулар менен жолугушуу үчүн орун-жайды алдын ала кылдат дезинфекциялоо жүргүзүү
- Адамдардын көп топтолушунан качуу максатында чакан топтор менен жолугушууларды өткөрүү

- Шайлоочулар менен жолугушуу үчүн орун-жайдын кире беришинде иш-чаранын катышуучуларынын дене табын контактсыз текшерүү
- Орун-жайдын кире беришинде катышуучулардын колдорун антисептик каражаттары менен тазалоо.
- Иш-чаранын бардык катышуучуларынын бет каптарды, кол каптарды жана жеке коргоочу башка каражаттарды милдеттүү пайдалануусу
- Адамдардын ортосунда социалдык аралыкты – 1,5-2 метрден кем эмес аралыкты сактоо
- Желдетүү системасы жок болгон учурда, ар бир 30 мүнөт сайын 15 мүнөт желдетип туруу керек. Эгерде сырткы чөйрөнүн температурасы 18 градустан жогору болсо, жайдын тынымсыз желдетилишин желдетүү аркылуу эске албаганда камсыз кылуу.

Борбордук шайлоо комиссиясы саясий партиялардын программалары жөнүндө, талапкерлер тууралуу маалыматтарга шайлоочулардын жетүүсүн камсыз кылуу максатында КР БШКнын сайтында атайын ресурс – ТАЛАПКЕР http://talapker.shailoo.gov.kg/ порталы түзүлгөндүгүн эске салат.

## ДОБУШ БЕРҮҮ ҮЧҮН ОРУН-ЖАЙДАН ТЫШКАРЫ ДОБУШ БЕРҮҮ

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө кызматтары добуш берүү үчүн орун-жайдан тышкары добуш берүүгө чыгардын алдында комиссия мүчөлөрүнүн, байкоочулардын, талапкерлердин, партиялдардын жана ЖМК өкүлдөрүнүн дене табын текшерүүнү камсыз кылат.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоо комиссиялары үчүн берилген транспорттун үстүнкү жумушчу беттерин дезинфекациялоочу каражаттар менен алдын ала иштеп чыгууну камсыз кылат.
- Орун-жайдан тышкары добуш берүүгө чыгып жаткан УШК мүчөлөрү үчүн жеке коргонуу каражаттары жана бахилалар.
- Чыгып жаткан УШК мүчөлөрүндө санитайзерлердин болушу.
- Добуш берүү үчүн орун-жайдан тышкары добуш берген шайлоочуларга акысыз бир жолку кол каптарды жана бет каптарды берүү.
- Жөнөтүп жаткан уюмдар байкоочуларды, саясий партиялардын, ЖМК өкүлдөрүн жеке коргоо каражаттары менен камсыз кылуу.
- Ар бир шайлоочуга чейин жана ал чыккандан кийин идентификациялоо жана АЭУ жабдууларын дезинфекциялоо.
- Добуш берүү үчүн орун-жайдан тышкары добуш берүү аяктаганда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө кызматтары тарабынан УШК мүчөлөрүнүн абалын көзөмөлдөө.

## ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮ

Добуш берүү үчүн орун-жайдын кире беришинде «кирүү чыпкасын» уюштуруу:

- Санитардык-эпидемиологиялык кызматтын контактсыз жол менен шайлоочулардын дене табын текшерүү.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын добуш берүү үчүн орун-жайдын кире беришинде дезинфекциялоочу аралашма менен нымдалган килемчени уюштурууну камсыз кылуу.
- Шайлоочулардын колдорун санитайзер менен же добуш берүү үчүн орун-жайдын кире беришинде коронавирус инфекциясын алдын алуу чаралары жөнүндө плакат жайгаштыруу.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын шайлоо участогунун кире беришинде коронавирус инфекциясын алдын алуу чаралары жөнүндө плакатты жайгаштыруусу.
- Шайлоо участогунун кире беришинде добуш берүүгө катышкандардын бекитилген кирип чыгуу схемасынын болушу.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан шайлоо участогунун аймагында жана добуш берүү үчүн орун-жайдын кире беришинде аралык белгилерин (чийимдерин) камсыз кылуу.
- Ички иштер органдарынын кызматкерлери тарабынан социалдык аралыктарды жана бет каптарды тагынуунун милдеттүү режимин сактоо жөнүндө шайлоочуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.
- Шайлоо участкасына кирерде шайлоочуларга жеке коргоо каражаттарын (бир жолку бет каптарды жана кол каптарды) акысыз берүү.

## ДОБУШ БЕРҮҮ ҮЧҮН ОРУН-ЖАЙ

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын добуш берүү процесси башталганга чейин добуш берүү үчүн орун-жайды дезинфекциялоо жана бардык үстүнкү беттерди кылдат нымдуу тазалоо.
- УШКнын бардык мүчөлөрүн жеке коргонуу каражаттары менен камсыз кылуу.
- Жөнөтүп жаткан уюмдардын байкоочуларды, ЖМК өкүлдөрүн, талапкерлерди жана саясий партияларды жеке коргоо каражаттары менен камсыз кылуу.
- Добуш берүү үчүн орун-жайдын ичинде санитайзердин болушу.
- Эмеректерди, добуш берүү үчүн кабиналарды жана технологиялык жабдууларды бири биринен 1,5-2 м аралыкта жайгаштыруу.
- Шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү 1,5-2 м кем эмес аралыкты сактоо менен жайгаштырылат жана ар бир шайлоочу менен иштеп бүткөндөн кийин антисептик каражаттары менен колдорун иштеп чыгышат.

- Добуш берүүчү кабинасы пардасыз колдонулат.
- Добуш берүү үчүн орун-жайда же анын жанында коронавирус инфекциясын жуктурууну алдын алуу боюнча сунуштар камтылган маалымат стенддери жайгаштыруу.
- Добуш берүү үчүн орун-жайдын ичинде аралык белгилеринин (сызыктарынын) болушу.
- Байкоочулар, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү үчүн жайгашуучу жайлар социалдык аралыктарды сактоо менен участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы тарабынан аныкталат. Мында, аталган адамдарга добуш берүүнүн жүрүшүн, добуштарды саноо жол-жобосун даана көрүп туруу мүмкүнчүлүгү камсыз кылынат.
- Желдетүү системасы жок болгон учурда, ар бир 30 мүнөт сайын 15 мүнөт желдетип туруу керек. Эгерде сырткы чөйрөнүн температурасы 18 градустан жогору болсо, жайдын тынымсыз желдетилишин желдетүү аркылуу эске албаганда камсыз кылуу.
- Добуш берүү үчүн орун-жайдын чыга беришинде пайдаланылган бет каптарды жана кол каптарды утилизациялоо үчүн контейнер жайгаштырылат.

## ДОБУШ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИ

- Шайлоо участогунда шайлоочу УШКнын мүчөсүнө Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун көрсөтөт.
- Манжаларынын белгилери боюнча идентификациялоодон өтүүдө шайлоочу кол кабын чечип, колдорун антисептик каражаттары менен иштетип идентификациялоодон өтөт жана идентификациялоодон өткөндөн кийин колдорун кайра иштетип, кол кабын кайра киет.
- Бетинин биометрикалык параметрлери боюнча идентификациялоодон өткөндө шайлоочу бет кабын убактылуу алып коюп, идентификациялоо бүткөндөн кийин аны кайра киет.
- Ар бир шайлоочуну идентификациялоо жол-жобосуна чейин жана андан кийин идентификациялоо боюнча жабдуу дезинфекцияланат.
- Добуш берүү үчүн кабина жана автоматтык эсептөөчү урналар ар бир 60 мүнөттө эки иреттен кем эмес дезинфекциялоочу каражаттар менен иштетилет.
- Оорунун белгилери бар шайлоочулардын добуш берүүсү үчүн өзүнчө кабина болууга тийиш.
- Добуш берүүнүн жүрүшүндө, добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколдорго кол коюуда участкалык шайлоо комиссиясынын ар бир мүчөсү өзүнүн калемин колдонууга тийиш.
- Добуш берүү үчүн үкөктөрдү ачарданмурда алардын үстүнкү бети антисептик каражаттары менен иштетилет.

БШК оорунун белгилери бар, же болбосо оорукчан менен контактта болгон, же болбосо обсервацияда турган жана өзүнүн активдүү шайлоо

укуктарын жүзөгө ашырууну каалаган шайлоочуларга төмөндөгүлөрдү сунуш кылат:

- 2020-жылдын 2-октябрына чейинки мөөнөттө добуш берүү үчүн орун-жайдан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгүн берүү жана 2020-жылдын 3-октябрында үйүндө добуш берүү жөнүндө арыз менен тийиштүү участкалык шайлоо комиссиясына кайрылууну
- Шайлоочу активдүү шайлоо укугун шайлоо участкасында 2020-жылдын 4-октябрында добуш берген күнү жүзөгө ашырууну каалаган учурда, шайлоо участогуна саат 18:00дон кийин келүү сунуш кылынат.

## ШАЙЛООЧУЛАРГА СУНУШТАР:

- УШК мүчөлөрүнүн бардык талаптарын жана көрсөтмөлөрүн сактоо
- Добуш берүү үчүн орун-жайга кирерде дене табы текшерилип, колдору иштетилгенден кийин УШК тарабынан берилген бет кап жана кол каптарды кийүү.
- Идентификациялоодон өтүү убактысын кошпогондо, шайлоо участкасында болгон учурда бет кап жана кол каптарды чечпөө.
- Добуш берүү жайынан сырткары жана анын ичинде 1,5- 2 метр аралыкты сактоо.
- Шайлоо участогуна бүтүй-бүлөсү менен келбөө (кезектешип келүү).
- Жанына балдарды кошо алып келбөө.